КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

***ТОКТОМ*** ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

*«28» июнь 2021-жыл. №4/1* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫ КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫНЫН ТОКТОМУ**

Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик Кодекси», «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн, айылдык кеңештин бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун токтом долбоорун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М  К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып, айыл өкмөтүнун адистерин сунушун колдоого алуу максатында, 2021-жылга «Салык агенти төлөөчү киреше салыгы» (ст. 11111100) 5387,0 миң сомго бекитилген планын 2000,0 миң сомго, «Калктуу конуштарды жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы» (ст.11321300) 600,0 миң сом жогорулатып берүүнү, ал эми бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында чыгаша болугунун «Комуналдык чарба бөлүмү» (70629) «Имараттар жана курулуштар” беренесин (ст.3111) 2000,0 миң сомго, «Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар» беренесин (ст. 2221) 412,0 миң сомго, «Билим берүү бөлүмү» (70921) «Машына жана жабдулар» беренесин (ст. 3112) 100,0 миң сомго жана «Бала бакча бөлүмүнүн» (70911) «Ижара акы» беренесин (ст. 2213) 88,0 миң сомго көбөйтүп берүү жагын Каржы Министрлигинен суралсын.

2. 2021-жылга бекитилген чыгымдарга ушул чечим менен киргизилген өзгөрүүлөрдүн негизинде бюджеттик классификацияларга ылайык келтирүү айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго жүктөлсүн.

3. Бюджеттик кирешелерге жана чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

4. Бул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н. Жусупбаевке тапшырылсын.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.М.Кадиркулов.**